| | | |
|---|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ЫСЫК-КӨЛ ОБЛУСУ<br>ТОН РАЙОНУ<br>АК-ТЕРЕК<br>АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН<br>ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЕҢЕШИ** | | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ИССЫК-КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>ТОНСКИЙ РАЙОН<br>МЕСТНЫЙ КЕҢЕШ<br>АЙЫЛНОГО АЙМАКА<br>АК-ТЕРЕК** |

# ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЕҢЕШТИН ТОКТОМУ

2026-жылдын 9-июлу №232 Кара-Коо айылы

## Кара-Коо айылында курулушу пландаштырылып жаткан бала бакчанын долбоордук-сметалык документтерине өзгөртүү киргизүү жөнүндө

Ак-Терек айыл өкмөтүнүн 2026-жылдын 8-июлундагы №01-7-2263 катынын негизинде, Ак-Терек айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн башчысы У.Э.Эмилбековдун сунушун угуп, Кара-Коо айылындагы мектепке чейинки билим берүү мекемелерине болгон муктаждыкты эске алуу, калктын өсүшүнө байланыштуу кошумча орундарды түзүү максатында, Ак-Терек айыл аймагынын жергиликтүү кеңешинин депутаттарынын сунуштары угулуп, талкууланып Ак-Терек айыл аймагынын жергиликтүү кеңешинин сессиясы **токтом кылат:**

1. Кара-Коо айылында курула турган бала бакчанын долбоордук-сметалык документтерине (ПСД) тиешелүү өзгөртүүлөр киргизилип, долбоордук-сметалык документтеринде 225 орундан 275 орунга чейин көбөйтүлсүн.

2. Бул токтомдун аткарылышын камсыз кылуу жагы Ак-Терек айыл өкмөтүнүн башчысы У.Э. Эмилбековго милдеттендирилсин.

3. Ак-Терек айыл аймагынын жергиликтүү кеңешинин токтомдору каттоого алсын жана токтомдун көчүрмөсү ченемдик укуктук актылар Мамлекеттик реестрине киргизүү үчүн Кыргыз Республикасынын юстиция Министрлигинин Ысык-Көл облустук башкармалыгына жөнөтүлсүн.

4. Бул токтом Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларынын Мамлекеттик реестрине киргизилген күндөн тартып күчүнө кирет.

5. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы Ак-Терек айыл аймагынын жергиликтүү кеңешинин бюджет, экономика, инвестиция, тышкы байланыш боюнча туруктуу комиссиянын төрайымы Т.Т. Ормуковага тапшырылсын.

**Төрага** **А.А. Мамбетов**